# Мага арман

Сени гана сезимге гүлдөй көрүп,

Баккан элем.

Сени гана жүрөккө тумар кылып,

Таккан элем.

Эми сага эч нерсе айта албайм,

Түшүн мени.

Өмүрүмдү өзүңө ыраа көрүп,

Ачкан элем.

Кайырма:

Арманым ай, мага арман,

Айлуу түндөр сенсиз арман,

Айта албаган аруу сезим,

Мага арман,

Аруу сезим мага жалган.

Өзүң үчүн өмүрүм арнаганга даяр элем,

Өзүң үчүн жан кечип бардыгына барар элем.

Мени түшүн илинип эт жүрөгүм ыйлап турат,

Туура түшүн өзүңдөн эми кетсем,

Алыс узак, алыс узак.